**“БЕКИТЕМИН”**
**Кыргызстан эл аралык университети окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин ректору, т.и.к., профессор**
**Е.Ю.Савченко**
**_________________**
**“ 19 ” ноябрь 2024-ж.**

**Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган диссертациялык ишине жетектөөчү уюм катары Кыргызстан эл аралык университети окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын**

## ПИКИРИ

1. **Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Конституциянын негиздерин туу туткан, демократиялык нукта өнүгүү жолуна түшкөн мамлекетти курууну шайлоо системасыз ишке ашыруу мүмкүн эместиги илимий иштин темасынын актуалдуулугун жаратат. Кыргыз Республикасынын (мындан ары КР) эгемендүүлүк алган күнүнөн баштап азыркы учурга чейин шайлоолордун жыйынтыгы бурмаланып, мыйзам бузуулар болуп келген жана мындай көрүнүш шайлоо системасынын реформалоосуна муктаждыгын аныктап, илимий изилдөөгө кызыгуу арттыруу уланып келүүдө.

“КРнын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу илимий изилдөө иштин алкагында көйгөйлөр талданып, негиздүү сунуштарды берүүнүн үстүндө иш жүргүзүлүптүр. Ошондой эле теманын алкагында жарандардын конституциялык укуктарына маани берилип, милдеттерин түшүнүү менен жоопкерчиликтүү болуусу боюнча механизмдер да каралган.

Мамлекеттин шайлоо системасы - демократиянын курамдык бөлүгү болуп саналат, демек, шайлоо системасы элитанын жаңыртылып турушун,

ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 271/1
«26» 11 2024 г.

саясий платформалардын атаандаштыгын камсыз кылат, ошону менен бирге жарандын бийлик бутактарынын өкүлдөрүн тандоосуна мүмкүнчүлүк берет, демек ар бир шайлоочу мамлекеттин туруктуулугуна, экономикасынын өнүгүп өсүшүнө салым кошот. Ал эми шайлоочунун туура тандоосунан мамлекеттин өнүгүп өсүшү көз каранды деп белгилеген.

Кыргызстандын 33 жыл эгемендүүлүгүнүн акыркы 10 жылдын ичинде шайлоо институту чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мисалы, шайлоо системасына киргизилген жаңы өзгөрүүлөр: автоматташтырылган эсептөө урна; биометрикалык паспорт; шайлоочулардын электрондук ачык тизмеси, ошондой эле 2024-жылы апробациядан өтүлгөн электрондук добуш берүү жана блокчейн түшүнүктөрүнүн шайлоо процессине колдонууга алынып жаткандыгы. Изденүүчү шайлоо системасына жаңы киргизилген өзгөрүүлөр шайлоо процессинин таза жана ачык мыйзам тааласында өтүлөрүнө кепилдик бербейт экендиги 2020-жылдын 4-октябрындагы Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоосунун жыйынтыгынан келип чыккан жаңжалга таянып тастыктоо берүүгө аракет көрүптүр. 2015-жылдан баштап жүргүзүлгөн шайлоо жаатындагы реформа шайлоочулардын ачык тизмеси менен бюллетендерди так эсептеп берүүсүн камсыз кылуудан башка өзгөрүүнү алып келген жок, тескерисинче коом бузулду деп талдоого таянып аныкталыптыр жана негизги себеп катары, шайлоочулар өлкөнүн кызыкчылыгынан өзүнүн жеке кызыкчылыгын жогору коюп, шайлоодон аз да болсо пайдаланып калууну көздөп, добуштарын сатууда. Тууганчылык, жердешчилик принциптерге басым жасалып, жыйынтыгы коррупциянын өсүшүнө, атаандаштыктын төмөндөшүнө, ошондой эле жалпы мамлекеттин өнүгүп өсүшүнө, инвестициялык климаттын начарлап кетишине алып келди деп изденүүчү талдоо аркылуу аныктоого аракет көргөнүн баалайдык.

Изденүүчү диссертациялык теманын алкагында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына тиешелүү булактарынын базасына сереп салып, юридикалык илим менен биргеликте саясат таануучулардын, тарыхчылардын, социологдордун, философтордун жана башка илимдин тармактарынын өкүлдөрүнүн эксперттик жана аналитикалык материалдарын кылдаттык менен изилдеп илимий ишинде чагылдырган. Ошондой эле изденүүчү диссертациялык иштин максаттарын ишке ашыруу үчүн өз алдынча жеке сурамжылоо ишин жүргүзгөн. Сурамжылоо замандын талабына ылайык онлайн жана оффлайн форматта жүргүзүп, сурамжылоого 1567 респондент катышкан экен. Сурамжылоонун жыйынтыгы талданып иштин III-бөлүмүндө каралган. Изденүүчү тарабынан изилденген диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын изилдөөгө кошкон олуттуу салым боло алат деп ишендиребиз. Изденүүчүнүн

изилдөө ишине чоң жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгы анын талдоо иштеринен байкалат, ошондой эле изденүүчү теманы узак убакытта, кылдаттык менен терең иликтөө жүргүзгөн, буга изденүүчүнүн илимий макалалары далил боло алат. Изденүүчү Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясында 5 жылдык эмгек тажрыйбасын илимий изилдөө ишинде ийгиликтүү колдонгон. Эмгек тажрыйбасы изденүүчүгө шайлоо процессинин ичинен деталдуу жана ар тараптуу иликтөөгө мүмкүндүк берген. Мындан тышкары, педагогикалык чөйрөдө тажрыйбасы да изденүүчүнүн илимий ишинин натыйжаларын так жана структуралуу жол менен баяндап, түшүнүктүү жана жеткиликтүү кылды. Изденүүчү илимий иштин үстүндө иштөөсүндө жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүктү жана берилгендикти көрсөтө алды.

Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин теориялык жактан карап жана аларды өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгарылды.

Белгиленген максатка жетүү үчүн төмөнкү *негизги милдеттер* коюлган жана ийгиликтүү ишке ашырылган:

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү;
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо;
5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө;
6. КРнын Жогорку Кеңешинин (мындан ары ЖК) депутатын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо;
7. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин анализдөө;
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылуу үчүн укуктук базаны жакшыртуу механизмдерин иштеп чыгуу.

Илимий изилдөө ишинин жыйынтыктары конституциялык-укуктук негиздерди өркүндөтүү боюнча иш алып барган тармактарга пайдасын тийгизе алат. 2021-жылы 5-майда жаңы Конституция кабыл алынып Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына олуттуу өзгөрүүлөр кирип диссертациялык теманын актуалдуулугун көтөрдү.

2. **Диссертацияларга карата коюлган талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар.**

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөдө иште Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алган күндөн азыркы учурга чейинки болуп өткөн референдум, Президенттик, ЖКтин депутаттарынын шайлоо процесстерине талдоо жүргүзүү менен өлкөдөгү шайлоо системасынын укуктук жана саясий кырдаалдагы ордун жана ролун комплекстүү илимий изилдөөгө алган диссертациялык иш болгондугу менен аныкталат. Илимий жаңычылдык Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жакшыртуу боюнча негизделип иштелип чыккан теориялык жоболордо жана практикалык сунуштарда чагылдырылган.

3. **Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун ишенимдүүлүгүнүн жана негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:

**1-натыйжа.** Изденүүчү КРнын шайлоо системасын камтыган компоненттерин кеңири изилдөөдө, анын толук түшүнүгүн ачып берүү үчүн шайлоо укугу, шайлоо процесси, шайлоо комиссиялардын түзүмү, ошондой эле өлкөдөгү шайлоо системасын жөнгө салуучу мыйзамдарды, негизги принциптерди карап, добуш берүү жана эсептөө эрежелерин, шайлоонун адилеттүүлүгүн жана демократиялуулугун камсыз кылуу механизмдерин талдап, КРнын шайлоо системасынын түзүлүшүнүн негизги белгилерин аныктады. Аларга төмөндөгүлөр кирет деп белгиледи: шайлоо системасынын легитимдүүлүгү; шайлоо системасындагы эрежелер; шайлоо системасындагы процесстер.

**2-натыйжа.** КРнын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө эгемендүү КРда шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүнүн негизги 4 этабын аныктап берди: *1-этап. Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991-2000).* 1991-жылы КРнын көз карандысыздыгы жарыяланган. Ушул мезгилде демократиялык институттарды, анын ичинде шайлоо системасын түзүү башталган. Ошондой эле бул 1993-жылы кабыл алынган эгемендүү КРнын алгачкы Конституциясында шайлоо системасынын негизги принциптери, анын ичинде шайлоого болгон укуктар, эркиндик жана адилеттүүлүк принциптери бекемделгендиги аныкталган. *2-этап. Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптештирүү системасынын биринчи этаптары (2000-2010).* Бул мезгил шайлоо системасындагы санариптештирүүнүн алгачкы багыттарын белгилейт. Аларга “ГАС-шайлоо” системасы жана бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система киргизилүүсү менен аныкталат. *3-этап. Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы (2010-2020).* Демократиялык принциптерди ишке ашыруу максатында партиялык тизме менен пропорционалдык система, санариптештирүү жана автоматташтыруу

системасын колдонууну өркүндөтүү маселелери талданган. *4-этап. КРнын шайлоо системасынын азыркы мезгилдеги иштөө жана өнүгүү этабы (2020-азыркы мезгилге чейин).* Бул этапта 2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн жүргүзүлгөн реформанын багыттары каралды.

**3-натыйжа.** КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздери талданды. Шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана адилеттүүлүгүн өлчөө, ошондой эле анын демократиялык стандарттарга жана принциптерге шайкештигин баалоо маанилүү методологиялык маселелер болуп саналат. Талдоонун алкагында шайлоо процесстерин баалоо жана талдоо үчүн колдонулган теориялык түшүнүктөр, методологиялык ыкмалар, *эки кадам* менен аныкталып изилденген. *Биринчи кадамы* катары шайлоо системасынын теориялык түшүнүктөрү изилденип, демократиянын принциптери, пропорционалдык, мажоритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөр талданган. *Экинчи кадамы* катары шайлоо процесстеринин методологиялык ыкмалары изилденген, мында колдонулган маалыматтарды чогултуу, талдоо ыкмалары каралып, ал маалыматтардын сапатын жана ишенимдүүлүгүн баалоо талданган.

**4-натыйжа.** КРнын шайлоо системасы КРнын Конституциясы, шайлоо жөнүндө мыйзамдар жана башка укуктук актылар менен аныкталган татаал институту экендиги белгиленди. КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3-беренесинин 7-пунктундагы шайлоо комиссиялардын ишинин принциптери жана негизги кепилдиктерине токтолуп, 8-пункт катары “натыйжалуулук” принциби менен толуктоо сунушун киргизген. Натыйжалуулук принцибинин ролу шайлоону сапаттуу уюштуруп, өткөрүп берүүсүн камсыз кылуу дегенди билдирип, ал өзүнө шайлоо процессин так жөнгө салууну, шайлоочуларга тийиштүү түрдө маалымдоону, даттанууларды жана талаш-тартыштарды өз убагында жана объективдүү кароону, ошондой эле шайлоо мыйзамдарын бузууларга активдүү бөгөт коюуну камтыйт. Бул принцип коомдун шайлоо системасына болгон ишенимин камсыз кылууга жана шайлоонун эркиндигин, адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталат деп белгилеген. Ушул эле мыйзамдын 23-беренесин 14-пункт менен толуктап, төмөндөгүдөй тартипте берилүүсү сунушталат – *аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%-70%-90%-жогору болгон учурда тиешелүү шайлоо участкасынын мүчөлөрүн сыйлоо белгиленген тартипке ылайык каралсын.* Сунушталган ченемдерге ылайык, комиссия мүчөлөрү шайлоочулардын катышуусунун белгилүү бир пайыздык көрсоткүчүнө жетүүгө стимул алышат.

**5-натыйжа.** Шайлоо процессиндеги шайлоочулардын добушун сатып алуу учурдун көйгөйү экендиги аныкталды. Шайлоо процессиндеги мыйзам

бузуулар үчүн КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна – *шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатуусу 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат* деген норманы киргизүү сунушталат. Мыйзам ченеминде шайлоочулардын добуштарын сатып алуу беренесинде шайлоочуга пара берген адам гана жоопко тартылып, ал эми добушун саткан шайлоочунун жоопкерчилиги КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 63-беренесинде каралган жана 10 эсептик көрсөткүч (1 000 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет деп берилген жана изилдөөнүн негизинде бул берене шайлоочулардын добуштарын сатууга тоскоолдук бере албагандыгы аныкталып, анын негизинде берененин жоопкерчилигин күчөттүрүү сунушталды.

**6-натыйжа.** КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо процессиндеги негизги көйгөйлөр талданды. Парламентти түзүүдө жана өлкөнүн саясий турмушун аныктоодо шайлоо системасы маанилүү экендиги жана шайлоо өткөрүү процессинде мыйзамдуулук принциби олуттуу болгону аныкталды. Шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсү талданып КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутатын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна – *мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 %дан кем эмес добушун алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат* деп өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушу иштелип чыкты.

**7-натыйжа.** КРнын жарандарынын шайлоо процессине активдүү катышуусун ишке ашырууда саясий партиянын мүмкүнчүлүгүн колдонуу талданып, талапкерлердин тизмесин түзүүдө маанилүү роль ойноору белгиленди. Ошондуктан КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталат – *шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар КРнын жараны ЖКтин депутаты болуп шайлана алат.* Берилген сунуш КРнын ЖКнин депутатына талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышы анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын сапатын жакшыртууга жана коомдун мыйзам чыгаруу бийлигине болгон ишенимин бекемдөөгө алып келет. Бул өз кезегинде

укуктук мамлекетти өнүктүрүүгө жана коомдо мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

**8-натыйжа.** Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны жакшыртуу механизмдери сунушталды. КРнын Конституциясынын 2-беренесинин 4-пунктуна төмөндөгүдөй норма менен толуктоо киргизүү сунушталды – *шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. КРнын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдеттүү.* Бекитилген ченемди бекемдөө үчүн Конституциянын 37-беренесинин 1-пунктуна толуктоо төмөндөгүдөй тартипте киргизилүүсү сунушталды – *Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу, ошондой эле референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖК менен жергиликтүү кеңештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү.*

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун) тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-натыйжа.** Жыйынтык жаңы. Илимий иште 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Референдумдун негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы өзгөрүүлөргө учурагандыгы жана шайлоо системасынын учурдагы жацы өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүп аныктаган.

**2-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө автор эгемендүү Кыргыз Республикасында шайлоо системасынын калыптануу менен онүгүү жолун 4 этапка болүп кароо аркылуу изденүүчү шайлоо системанын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, ошондой эле аны өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолдорун аныктаган.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин колдонулган методологиялык ыкмалар ар тармактуу илимдики бирдиктүү колдонууга алынгандыгында.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамына "натыйжалуулук" принцибин кошуу сунушталгандыгында жана ушул эле мыйзамга УШКда шайлоочулардын шайлоого катышуусунун белгиленген пайыздык көрсөткүчтөрүнө жеткенде тиешелүү участканын мүчөлөрүн сыйлоо боюнча толуктоо киргизүү сунуштары жаңы деп аныкталды.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинде добушун саткан шайлоочуну жоопкерчиликке тартылуусу каралгандыгында.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы “КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна кайра кайра шайлоолорду уюштурууну кыскартуу боюнча берилген сунуш.

**7-натыйжа.** Илимий жацылыгы “КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна талапкерлерди тандоо боюнча кошумча киргизилген талаптардын өзгөчөлүгүндө.

**8-натыйжа**. Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү беренелерине жарандардын шайлоо укугуна катар “милдет” деген түшүнүктү киргизүү сунушунда.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана прикладтык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

"Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" темасындагы илимий иш ар тараптуу жана терең изилденген, анда изденүүчү жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүгүн жана өз ишине берилгендигин көрсөткөн. Изденүүчү изилдөө ишине өтө олуттуу жана жоопкерчилик менен мамиле кылган, бул жүргүзүлгөн изилдөөнүн узактыгы жана жарык көргөн илимий макалалары менен тастыкталат. Илимий иштин негизги артыкчылыктарынын бири изденүүчү тарабынан сунушталган 8 сунуштардын 5 сунушу жаңы жана учурдун талабына жооп бере алган сунуштар деп табылды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин актуалдуу проблемаларын аныктаган жана талдаган, жаңы ыкмаларды сунуштоого аракет көргөн. Изденүүчүнүн сунуштарынын жаңылыгын кеңири эмпирикалык далилдер жана терең теориялык негиздөө менен бекемделген эмгекте берилген анализдер жана тыянактар аркылуу так байкоого болот. Изденүүчү Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясындагы өзүнүн беш жылдык иш тажрыйбасын ийгиликтүү пайдаланды, бул ага шайлоо процессинин ички механизмдерин жана көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берди. Педагогикалык чөйрөдөгү тажрыйба да чоң роль ойноп, авторго материалды уюштурууга жана аны жеткиликтүү жана структураланган түрдө көрсөтүүгө мүмкүндүк

берди. Илимий иш объективдүүлүккө жана илимий ишенимдүүлүккө жетүү үчүн толук берилгендик жана чын ыкластуулук менен жазылган. Изденүүчү жогорку изилдөө жөндөмүн, учурдагы ыкмаларды сын көз менен талдоо жана жаңы чечимдерди иштеп чыгуу жөндөмүн көрсөттү. Натыйжада, илимий иште берилген сунуштар чындыгында жаңы жана келечектүү болуп саналат, бул иш шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери жөнүндөгү илимдин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына туура келет, анын максаты жана милдеттери менен аныкталган. Бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштеги материалдарды жазуу логикалык ырааттуулук жана жыйынтыкталгандык менен коштолот. Изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөгө жана өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн окумуштуулук даражаны ыйгарууга татыктуу деп бир добуш менен аныкталды.

6. **Изденүүчү тарабынан алынган натыйжалардын мааниси жана алардын тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгы.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий басылмаларда жана диссертанттын илимий-практикалык конференциялардагы, тегерек столдордогу баяндамаларында чагылдырылган. Диссертациянын негизги тыянактары “XXI кылымдагы илим жана билим” (Казахстан, Нур-Султан – 2021) сыяктуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндалып талкууланган. И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багытынын студенттери үчүн КРнын шайлоо системасы боюнча окуу-методикалык колдонмо даярдалган.

Изилдөө иште каралган жоболор, берилген сунуштар, чыгарылган тыянактар тиешелүү мыйзамдарды талкулоодо каралып колдонууга алынса болот. Изилдөөнүн жоболору “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу”, “Кыргыз Республикасынын шайлоо укугу” дисциплиналары жана башка атайын курстар боюнча окутуу процессинде, ошондой эле окуу жана окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

7. **Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын, корутундусун жарыялоо жана ырастоо.**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар өлкө ичиндеги жана чет мамлекеттердеги илимий басымаларда жарык көргөн, жалпы жонунан 11 илимий макалада чагылдырылган:

1. Абдылдаева Н.У. Автоматически считывающие урны в избирательном процессе КР [Текст] / Н.У.Абдылдаева, А.Акматова // Вестник КРСУ. – 2018. Том 18. №3. – С. 46-48.

2. Абдылдаева Н.У. Анализ избирательной системы Кыргызской Республики в период с 1991 по 2017гг. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2019. №1. С – 245-250.
3. Абдылдаева Н.У. Избирательный процесс в КР.[Текст] / Н.У.Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 12 (58) г.Москва, 2019.– С.300-305.
4. Абдылдаева Н.У. Выборы 2020 – новый этап избирательного процесса [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Вестник КРСУ. – 2021. Том 21. №3. – С. 78-82.
5. Абдылдаева Н.У. Приоритетное направление развития избирательной системы КР. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 4 (74) г.Москва, 2021. – С. 188-190.
6. Абдылдаева Н.У. Парламентские выборы Кыргызской Республики по новой избирательной системе: ожидания и последствия. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 8 (78) г.Москва, 2021. – С. 143-145.
7. Абдылдаева Н.У. Политика цифровизации в Кыргызской Республике на примере избирательной и налоговой системы. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, О.Сатыбалидев // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 12 (82) г.Москва, 2021. – С. 143-145.
8. Абдылдаева Н.У. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы көйгөй – шайлоочунун шайлоо маданияты. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Scientific journal ALATOO ACADEMIC STUDIES. 2022. №2. г.Бишкек, – С.193-199.
9. Абдылдаева Н.У. Кыргыз Республикасынын өнүгүү жолундагы конституциялык реформалардын ролу. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, // Известия НАН КР. 2022. №3. – С.187-191.
10. Абдылдаева Н.У. Конституционно-правовые основы избирательной системы КР. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Известия НАН КР. 2022. №3. – С.203-208.
11. Абдылдаева Н.У. 2023-жылдын 28-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда өтүлгөн №26 Ленин бир мандаттуу шайлоонун жыйынтыгы. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, // Scientific journal ALATOO ACADEMIC STUDIES. 2023. №3. г.Бишкек, – С.367-375.

## 8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет, изилдөөнүн максаты жана милдеттери бири бирине дал келип айкалышат. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

9. **Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча эскертүүлөр.**

Диссертациялык изилдөө Н.У. Абдылдаева тарабынан илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк эмгек болуп саналат. Дисертациялык иш менен таанышуу учурунда айрым эскертүүлөр аныкталды:

- Изденүүчү талдоонун негизинде “Добуш сатып алуу” шайлоо системасынын орчундуу көйгөйү катары берип, практикалык сунуш киргизиптир. Бирок ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын мындан ары өркүндөтүүнүн алкагында добуштарды сатып алууну аныктоонун жана бөгөт коюунун деталдаштырылган механизмин иштеп чыгуу зарыл болчу. Себеби, “Добуш сатып алуу” боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу беренелер каралганына карабастан, көйгөй жаралып келген. Демек, көйгөй чаралардын жетишсиз натыйжалуулугунда жана тиешелүү ченемдерди начар ишке ашырылуусунда турат деп белгилесек да болот. Ушуга байланыштуу, изденүүчү “Добуш сатып алууга” каршылык катары санкцияны күчөтүү менен бирге, буга каршы багытталган механизмдерди, аны менен бирге заманбап технологияларды колдонуу аркылуу мониторинг киргизүү сунушунун үстүндө да иштесе болмок.
- Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы үчүн эң актуалдуу маселелердин бири электрондук добуш берүүнү киргизүү жана өнүктүрүү болуп жатат. Бул жол-жобо жарандардын шайлоого катышууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууга олуттуу өбөлгө түзүп, добуш берүү процессинде көбүрөөк жеткиликтүүлүктү жана ыңгайлуулукту камсыз кылууга жөндөмдүү. Бирок, изилдөө электрондук добуш берүүнү ишке ашыруунун теориялык аспектилерин жана практикалык механизмдерин ачып берген эмес.

Жогорудагы эскертүүлөр изилдөө ишинин сапатына терс таасирин тийгизбейт. Изденүүчү илимий ишинде өз позициясын түзүп, негиздүү корутундуларды бере алды. Белгилей кетчү нерсе, бир иштин алкагында шайлоо системасынын проблемасынын ар тараптуулугун эске алуу менен анын бардык аспектилерин жана параметрлерин толук чагылдыруу мүмкүн эмес. Бүгүнкү шайлоо система юридикалык жана саясий илимдерди гана камтыбастан, маалыматтык технологиялардын жетишкендиктерин эске алууну талап кыла тургандыгын белгилеп кетебиз.

**10. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык келиши.**

Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациялык иши өзүнүн түзүмү жана мазмуну, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы жана маанилүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобосунун (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) талаптарына толук жооп берет.

**11. Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдеттерди чечүүгө багытталган илимий-квалификациялык иш болуп саналат. Ишти изденүүчүнүн конституциялык укук илиминин өнүгүшүнө кошкон жеке салымы катары кароого болот.

Жалпысынан алганда Наргиза Абдылдаеванын илимий изилдөө иши 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу деп белгилейдик.

Кыргызстан эл аралык университети окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын отурумунда пикир талкууланды жана бекитилди: Протокол №3 “19” ноябрь ” 2024-ж.

**Юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын башчысы, отурумдун төрагасы** **Матвеева Т.В.**

**Отурумдун катчысы** **Темирбек кызы Т.**

Кол тамга тастыкталат Матвеева

КББ ага инсп Артыбекова

**“БЕКИТЕМИН”**
**Кыргызстан эл аралык университети окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин ректору, т.и.к., профессор**
**Е.Ю.Савченко**
**_____________________**
**“_19_” _ноябрь_ 2024-ж.**

**Кыргызстан эл аралык университетинин**
**Юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын**
**протоколу № _3_**

**Бишкек шаары** **“_19_” _ноябрь_ 2024-ж.**

**Катышкандар:** ю.и.д., профессордун м.а. Алымбеков Б.М.-12.00.08-11; ю.и.д., профессор Асаналиев Т.А.-12.00.01; ю.и.д., профессордун м.а. Исманов Т.К.-12.00.01; ю.и.д., профессор Аманалиев У.О.-12.00.01; ю.и.д., доцент Токтогулов А.А.-12.00.02; ю.и.к., доценттин м.а. Карабалаева С.Б.-12.00.01; ю.и.к., доценттин м.а. Осмонбаева К.М.-12.00.01; ю.и.к., доцент Мавлянов А.С. -12.00.08; ю.и.к., ага окутуучу Голобородько И.Л.-12.00.08; PhD доктору, ага окутуучу Кулалиева Г.Т.-12.00.01; ю.и.к., ага окутуучу Кожомбердиев Б.К.-12.00.02; ю.и.к., доценттин м.а. Семенов Н.С.-12.00.01; PhD доктору, ага окутуучу Тынымсеитова С.М.-12.00.01; ага окутуучу, кафедра башчысынын м.а. Матвеева Т.В.; ага окутуучу Мусурова Ш.Т.; ага окутуучу Мураталиева А.; ага окутуучу Ибрагимов Р.К.; окутуучу Обосканов У. Ү.

**Отурумдун төрайымы:** кафедра башчысынын м.а., Матвеева Т.В.

**Отурумдун катчысы:** Темирбек кызы Тунук.

## КҮН ТАРТИБИ

**1.** 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” деген темадагы кандидаттык диссертациясын талкулоо.

**2.** “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын кандидаттык диссертациясына жетектөөчү уюм катары пикирин бекитүү.

**УГУЛДУ**

**Отурумдун төрайымы Матвеева Т.В.**

Урматтуу отрумдун катышуучулары! Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинде Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы диссертациялык ишинин алдын ала коргоосу 2024-жылдын 6-сентябрында өтүп, №20 Протоколу менен жетектөөчү уюм катары “КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ” окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасы бекигендигине караштуу талкууга коюлууда. Илимий жетекчиси ю.и.д., профессор Арабаев А.А. Сөз изденүүчүгө илимий иши боюнча отурумдун катышуучуларына баяндама жасоого берилет.

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.**

Саламатсызбы урматтуу төрайым, катчы! Саламатсыздарбы урматтуу отурумдун катышуучулары! Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө Конституция, шайлоо системасына тиешелүү мыйзамдар, токтомдор талдоого алынды. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхы талданды, шайлоо процесстерине тиешелүү укуктук практика каралды.

**Изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык негиздерин талдап, аларды өнүктүрүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп белгиледик.

**Белгиленген максатка жетүү үчүн милдеттер коюлуп, ишке ашырууга илимий иш аракеттер аткарылды:**

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү.
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө.
3. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо.
4. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын бирдиктүү түзүлүшүнүн жалпы мүнөздөмөсүн аныктоо.

5. Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерин изилдөө.
6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү аныктоо.
7. Шайлоо процессин калыптандырууда саясий партиялардын ролун жана алардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин анализдөө.
8. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны жакшыртуу механизмдерин иштеп чыгуу.

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында, коюлган максатка ылайык коргоого 8 жобо жана анын негизинде практикалык сунуштар иштелип чыкты (биринчи үч жобо тарых, теория жана методологиясына байланыштуу болду)

**1.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын эгемендүү тарыхы азыркы учурга чейин изилденип, талданып, басып өтүлгөн жолдун негизинде төмөндөгүдөй тыянак чыгарылды: мамлекеттеги бийлик менен жарандын ынтымагын эриш аркак түшүнүү, колдоо менен өнүгүүгө кадам таштоо үчүн шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздеринин так аткарылышына жетип, шайлоо процессинин жыйынтыгы ачык айкын болуусун орундатуу маанилүү.

**2.** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө анын калыптануусун жана өнүгүүсүн бир нече этаптарга бөлүү аркылуу аныкталды. Алар төмөндөгү этаптар: 1. Демократиялык институттарды түзүү мезгили деп 1991-жылдан 2000-жылга чейин белгиледик. Көз карандысыздык жарыялангандан кийинки Өлкөдө коомдун демократиялык тибине өтүү боюнча масштабдуу реформалар кеңири жүргүзүлгөн убакыт. 2. Шайлоо системасына санариптештирүүнү киргизүүнүн биринчи кадамдары деп 2000-2010-жылга чейин бөлүп талдадык, бул мезгил шайлоо системасындагы санариптешүүнүн биринчи өзгөрүүлөрү "ГАС шайлоо" системасын колдонууга киргизилгендиги тууралу мүнөздөп, ошондой эле Жогорку Кеңештин депутаттары бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система менен шайланат деп тиешелүү мыйзамга өзгөртүү киргизилгендигин белгиледик. 3. Шайлоо системасындагы санариптешүүнү киргизүүнүн улануусу жана системага орчундуу өзгөрүүлөр кирген этабы деп 2010-2020-жылдарга чейин деп белгилеп. Бул этапта шайлоо системасына автоматтык эсептөө урна, анын негизинде электрондук протокол, биометрикалык паспорт жана анын негизинде бир жаран бир добуш принциби ишке ашкан, ошондой эле шайлоо участкаларына видео камералар коюлуп, экрандан байкоочулар шайлоочулар

боюнча маалыматтарды көрүүгө мүмкүнчүлүк пайда болгон. 4. 4-этап деп биз (2020 дан бүгүнкү күнгө чейинки убакытты белгиледик. 2020-жылы Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн аны реформалоо зарылдыгы тууралуу белгилүү болду. Колдонууга киргизилген техникалык өзгөрүүлөр албетте, КРсын Орто Азия өлкөлөрү ичинде алдыга алып чыкты, шайлоонун жыйынтыгын бурмалаган механизмдер: “Карусель”, “Бюлеттендерди таштоо”, “Мертые души” жок эле адамдын ордуна шайлап чыгуу механизми жокко чыкты. Бүгүнкү күндө БШКнын алдында реформалоону улантуу зарылдыгы бар, бирок реформа санариптешүү инновациялык технологияларды колдонууга киргизүү багытында эмес мыйзамдарга тиешелүү өзгөрүүлөрдү киргизип, шайлоочу менен талапкердин жоопкерчилигин жогорулатып жана мыйзам бузуулар катталганда жоопкерчиликке тартуу механизмдерин иштеп чыгуу керек деп илимий иште аныктап сунуштоолорду киргиздик.

**3.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоодо шайлоо системасына карата теориялык концепцияларды, методологиялык мамилелерди, ошондой эле шайлоо системасынын иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүн камтып, пропорционалдык, мажоритардык жана аралаш системалар, көп партиялуулук, эркиндик жана шайлоонун адилеттүүлүгү сыяктуу негизги түшүнүктөр талданды.

**4**. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын түзүлүшүн жана мүнөздөмөсүн аныктоо максатын ишке ашыруу үчүн “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө конституциялык Мыйзам, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө Мыйзам” жана тиешелүү нускамалар талданып анын негизинде шайлоо системасынын так мүнөздөп, тиешелүү мыйзамдарга сунуш киргизүү максаты ишке ашырылды. Илимий иштин жыйынтыганда “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө Мыйзамынын 23-беренесине” 14-бөлүгү менен төмөндөгүдөй толуктоо киргизүү сунушталды: "*Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50% 70% 90% жогору болуу учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын”*. Ушул эле мыйзамдын “*3-беренесинин, 1-бөлүгү 7 пунктан турган шайлоо комиссиялардын ишинин принциптерине 8-пункт катары “натыйжалуулук” принцип менен толуктоо сунушталды. Бул принцип коомдун шайлоо системасына болгон ишенимин камсыз кылууга*

*жана шайлоонун эркиндигин менен адилеттүүлүгүн камсыз кылууга багытталат деп негизделди".*

**5.** Шайлоо процессинен чыккан көйгөйлөрдү чечүү максатынын алкагында шайлоо процесстеги мыйзам бузуулар боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизимдери талданып, тиешелүү мыйзамга төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталды. "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-бөлүгүнө: *Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу өз добушун сатуусу боюнча 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000 ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат".* Сунуштун негизги себеби, шайлоо системасындагы шайлоонун жыйынтыгын бурмалоону токтотуу үчүн шайлоочунун добушун сатып алуу боюнча юридикалык жоопкерчиликке тартуу беренесине, добуш сатып алган тараптан тышкары, добушун саткан шайлоочуну да Кылмыш-жаза кодекси аркылуу жоопкерчиликке тартуу боюнча толуктоо киргизүү сунушталды.

**6.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо процессиндеги көйгөйлөр талданып, алардын ичинен негизгилери болуп – шайлөонун кайра кайталанып уюштурулуп туруусу шайлоочунун шайлоодон тажагандыгына алып келүүдө деп аныкталды, ошондой эле мамлекеттик бюджетке зыян келтирип, аны менен бирге мамлекеттин экономикасына залакасын тийгизүүдө деп белгиледик. Белгиленген көйгөйдү чечүү үчүн "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 59-беренесинин 7-бөлүгүнө: М*андаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат*" деп толуктоо киргизүү сунушталды.

ЖКнын 7-чакырылышы жаңы кабыл алынган өзгөрүүлөр менен шайланып, жыйынтыгында 7-чакырылыштын кайра шайлоолору 22-сентябрда боло турган Сузак округун кошкондо 11 округда шайлоолор кайталанган болот. Кайра кайталанган шайлоолорго сарпталган акча-каражаттары талданып көргөзүлгөн. 2021-жылдын 28-ноябрындагы уюштурулган 7-чакырылыштын шайлоосуна– 592 531 000 (беш жүз токсон эки миллион беш жүз отуз бир миң) сарпталган, ал эми кийинки кайра

кайталанып уюштурулган жана 22-сентябрда боло турган Сузак оркугун кошкондо шайлоолорго сарпталган каражат 127953100 (жүз жыйырма жети миллион тогуз жүз элүү үч миң жүз) түзгөн. Жалпы жонунан 7-чакырылышка бюджеттен 720 484100 (жети жүз жыйырма миллион төрт жүз сексен төрт миң жүз) сарпталган. Кайра кайра кайталанып уюштурулган шайлоолордун терс жактары орчундуу зыян алып келүүдө.

**7.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусунда, шайлоо процессинин мыйзам ченеминде жүргүзүлүп, шайлоонун жыйынтыгынын бурмалоосун токтотууга болгон саясий партиянын ролу талдап, анын негизинде тиешелүү мыйзамга сунуш киргизилди. “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-бөлүгүнө: *Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайлана алат”* деп толуктоо киргизүү сунушталды. Берилген сунуш тиешелүү бөлүмдө талданып, негиздер чагылдырылып аныктоо берилди.

**8.** Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү механизмдери талданды. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн негизинде “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүнө төмөндөгүдөй толуктоо сунушталды: *Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү”* деп толуктоонун негизинде “Конституциянын кийинки 37-беренесинин 1-бөлүгүнө, *Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу, ошондой эле Референдумга, Президенттик шайлоого, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен жергиликтүү кенештин депутаттарын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү”* деп толуктоо киргизүү сунушталды.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын натыйжалуулугун, ачык-айкындыгын жана адилеттүүлүгүн, ошондой эле конституциялык принциптерди жана демократиянын эл аралык стандарттарын сактоону камсыз кылуу максатында аны өркүндөтүү боюнча мындан аркы аракеттердин зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Шайлоо мыйзамындагы теориялык ыкмаларды

карап, киргизилген өзгөрүүлөргө баа берүү максатында Кыргыз Республикасынын шайлоо процесси менен укуктарына талдоо жүргүзүлүп, эгемендүү шайлоо системасында бүгүнкү учурга чейинки болуп өткөн шайлоолордун жыйынтыгы талданды, маалыматтар БШКнын токтомдорунан алынды. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде көйгөйлөргө баа берилип, ар бир бапта өнүгүү жолдору боюнча, конкреттүү сушунтарды алып чыгуу максатын ишке ашыруу аракети көрүлдү.

Көңүл бургандарыңыз үчүн ырахмат, суроолор болсо жооп берүүгө даярмын.

**Отурумдун төрайымы Матвеева Т.В.,** Урматтуу отурумдун катышуучулары изденүүчүгө суроо берип талкулоого өтөлү. Изденүүчү Абдылдаева Наргиза Уркасымовнага суроонузлар болсо берсеңиздер болот.

**Асаналиев Т.А.,** Урматтуу кесиптештер, Н.У.Абдылдаеванын илимий изилдөө иши мамлекеттик тилде жазылгандыгы кыргыз тилинин өнүгүшүнө салым кошот деп баса белгилеп кетүүгө уруксат этиңиздер. Бул илимий иш келечекте илим жолун аркалаган жаштарга мамлекеттик тилде жазуусуна өбөлгө болот десем жаңылышпайм. Менин суроом төмөндөгүдөй, Сиз эгемендүү КРнын шайлоо системасын талкулоодо 4 этапка бөлүп караптырсыз, этаптарга бөлүүдө кандай көрсөткүчтөргө таяндыңыз?

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.,** Колдооңузга рахмат. Илимий изилдөө жүргүзүп жатканда эгемендүү КРнын шайлоо системасына караштуу укуктук-ченемдик актылардан баштап, чет элдик жана ички эксперттик топтордун корутундуларын, тарых жана саясат таануу илимпоздордун илимий иштери менен таанышып, жеке байкоолорумдун негизинде шайлоо системасын 4 бөлүккө бөлүп, деталдуу талкулоо иштерин жүргүзүп, андан соң этаптарга баа берип, аларды өз-өзүнчө кырдаалга жана өзгөрүүлөгө байланыштуу атадым. Эгемендүү КРнын шайлоо системасы аз убакыттын ичинде орчундуу өзгөрүүлөргө учурагандыгына байланыштуу.
Мисалы: *1-этап. Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991-2000).* Эгемендүүлүккө жеткен жаш мамлекетте шайлоо институту өзгөчө мааниге ээ болот, жаш коомдо демократиялык эркиндиктерди ишке ашыруу көндүмдөрүн жаңыдан өздөштүрүп, саясий процесске активдүү катыша баштагандыктан, мамлекеттеги шайлоо институтуна шайлоочунун саясий ролун жана шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздердин механизмдерин ишке ашыруу маанилүү. 1991-жылы көз карандысыздык жарыялангандан кийинки алгачкы жылдары Советтик типтеги мамлекеттик органдар ишин уланткан. Булар: Республиканын Жогорку Кеңеши (Парламент), Министрлер Кеңеши (Өкмөт); Жогорку Сот жана жергиликтүү соттор. Өлкөдө коомдун демократиялык тибине өтүү боюнча масштабдуу

реформалар кеңири жүргүзүлүп, Кыргызстанда түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр ишке киргизиле баштаган. *2-этап. Шайлоо системасын өркүндөтүү, санариптешүү системасынын биринчи этаптары (2000-2010).* Бул мезгил шайлоо системасындагы санариптешүүнүн биринчи өзгөрүүлөрү жана саясий туруксуздук менен мүнөздөлгөн. Бул этапта "ГАС-шайлоо" системасы колдонууга киргизилип, санариптешүүгө акырындык менен өтүлө баштаган. Мындан тышкары КРнын 2007-жылдын 23-октябрындагы N 158 Мыйзамына ылайык КРнын шайлоо жөнүндө Кодекси ишке киргизилип 69-беренесинин, 2-пунктунда – ЖКтин депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдуу система менен беш жылга шайланат деп өзгөрүп, 2000-жылдан 2010-жылдар ичи КРнын шайлоо системасы олуттуу өзгөрүүлөргө учурайт. *3-этап. Шайлоо системасындагы орчундуу реформанын жүрүү этабы: демократияны жайылтуучу куралдардын бири катары партиялык тизме менен пропорционалдык системанын киргизилиши, санариптештирүү менен автоматизациялоону колдонууга киргизүү жетишкендиктери (2010-2020).* Берилген этап шайлоо процессин өркүндөтүүгө жана демократиялык институттарды чыңдоого багытталган бир катар жаңылыктар жана өзгөртүүлөр кирген. 2010-жылы 4-октябрында КРнын ЖКнин V-чакырылышынын шайлоосу партиялык тизмелер боюнча пропорционалдык ыкма менен өтүп, андан кийинки 2015-жылдан баштап өтүлгөн шайлоолордун баардык туру биометриялык каттоо – бир шайлоочу бир добуш, байкоочуларга ыңгайлуу шарт (экрандан ар бир шайлоочу тууралуу маалыматтар чыгып туруусу), автоматтык эсептөө урналар жана дароо колго берилүүчү электрондук протокол сыяктуу инновациялык жаңыланган техникалык ыкмалар киргизилип айырмаланат. *4-этап. КРнын шайлоо системасынын иштешине жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген бир катар чакырыктарга жана өзгөртүүлөргө туш болууда (2020-азыркы мезгилге чейин).* 2020-жылдын 4-октябрында Парламенттик шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылып, шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрында өтүлүп КРнын ЖКнин VII-чакырылышы жаңы кабыл алынган Конституциянын негизинде орчундуу өзгөрүүлөргө учураган. КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамдын 59-беренесиндеги депутаттын саны 90 депутатка кыскарган, анын ичинен 54 депутат пропорционалдык система аркылуу ачык тизме менен шайланып келишкен, ал эми 36 депутат бир мандатту шайлоо округунан мажоритардык система менен шайланып ишке киришкен.

**Отурумдун төрайымы Матвеева Т.В.,** Отурумдун катышуучулары изденүүчүгө дагы суроонуздар барбы?

**Семенов Н.С.,** Сиздин ишиңиз менен таанышып чыгып, КРнын ЖКнин 7-чакырылышына байланыштуу бюджеттен сарпталган каражаттар менен таанышып чыктым. Сиз 2021-жылдын 28-ноябрында өтүлгөн шайлоого кеткен каражатты көрсөтүп, андан сөң 2024-жылдын 22-сентябрында бир мандаттуу округдан уюштурулган кайра шайлоорду кошуп, кеткен каражаттарды көрсөтүп жана жалпы жонунан 7-чакырылышка кеткен каражатты көрсөтүптүрсүз да буга байланыштуу бир нече практикалык сунуш берип жатасыз. Сизге суроо, илимий изилдөөдө сиз 1- чакырылыштан 6-чакырылышка чейинки КРнын ЖКнин шайлоолоруна кеткен каражаттарды карап көрдүңүзбү? Себеби салыштырмалуу иретинде диссертациялык иште чагылдырып койсоңуз болмок.

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.,** Рахмат суроонузга. ЖКнын 7-чакырылышы жаңы кабыл алынган өзгөрүүлөр менен шайланып, жыйынтыгында 7-чакырылыштын кайра шайлоолору 22-сентябрда болуп өткөн Сузак округун кошкондо 11 округда шайлоолор кайталанган болот.
2021-жылдын 28-ноябрындагы 7-чакырылыштын шайлоосуна– **592 531 000** (беш жүз токсон эки миллион беш жүз отуз бир миң) сарпталган. Эгерде кайра кайталанып боло турган шайлоого жол берилбесе, бюджеттен кийинки сарпталган **127 953 100** (жүз жыйырма жети миллион тогуз жүз элүү үч миң жүз) сом акча каражаттары бюджеттен сарпталбайт эле. Негизги максат бир мандатуу округдан кайра кайталанып уюштурула турган шайлоо системасынын бюджетке тийгизген таасирин көрсөтүү болгондуктан мурунку чакырылыштарды чагылдырылган жок. Бул биринчи себеби, ал эми экинчи себеби, КРнын ЖКнин 6-чакырылышынын шайлоосу 2015-жылы, 5-чакырылышынын шайлоосу 2010-жылы өткөн, чакырылыштардын аралыгы 5-жылдан туруп, убакыттын узактыгына байланыштуу, ошондой эле сарпталган каражаттардын суммасы ар бир чакырылыштыкы учурдагы акчанын кununа жараша өзгөрүп турган, ошондой эле сарпталаган каражат көп көрсөткүчтөрдөн көз каранды мисалы, шайлоочунун санынан жана АШК, УШКлар 2015-жылдан баштап АЭУ менен биометрика киргендигине байланыштуу кошумча техникалар колдонууга кирген да шайлоого сарпталган каражат кыйла жогорулаган. Ушуга байланыштуу изилдөөгө 1-чакырылыштан баштап кеткен сарптоолорду көрсөтүүнүн кажети жок деп белгиледик. Изилдөөнүн максаты, бул шайлоого кеткен каражат менен кайра уюштурулган шайлоонун каражатын көрсөтүүгө көздөлгөн.

**Отурумдун төрайымы Матвеева Т.В.,** Отурумдун катышуучулары изденүүчүгө дагы суроонуздар барбы?

**Кожомбердиев Б.К.,** Наргиза Уркасымовна, Сиз ишиңизде "электрондук добуш" берүүнүн пилоттук режимде жүргүзүлгөнүн талдап,

бирок ошол эле учурда практикалык сунушуңузда аралыктан добуш берүү боюнча киргизбептирсиз, эмне себептен, же Сиз "электрондук добуш" берүүнүн перспективасын көрө алган жоксузбу?

**Изденүүчү Абдылдаева Н.У.,** Пилоттук режимде электрондук добуш берүү 2023-жылдын 9-апрелине дайындалган Баткен облусунун Баткен районунун Самаркандек, Ак-Сай жана Ак-Татыр айылдык кеңештеринин депутаттарын шайлоодо электрондук формада добуш берүүнү өткөрүүнүн тартиби биринчи ирет жөнгө салынган. Электрондук добуш берүү шайлоочуларга өз эркин билдирүүнү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн жакшыртты. Аралыктан добуш берүүнүн актуалдуулугу 2021-жылда күч алды, себеби 2020-жылдага КРнын ЖКнин 7-чакырылышынын шайлоосу жокко чыгарылгандан кийин, форма-2 арызы колдонуудан алынып салынган да, көптөгөн шайлоочулар шайлоо укугун ишке ашыра албай калышкан. Ошондуктан электрондук добуш берүү бул бүгүнкү күндө актуалдуу тема жана шайлоочулар үчүн ыңгайлуу шарт десек да болот. Ошол эле учурда электрондук добуш берүүнү жүргүзүүдө шайлоочулардын эркин билдирүүсүнүн натыйжаларын сакташ үчүн блокчейн технологияларын пайдалануу боюнча дагы бир эң бир чоң маселе бар.

Илимий изилдөө иште "электрондук добуш берүү", "блокчейн" технологиясы изилденген, бирок ошол эле учурда реалдуу сунуштарды берүү үчүн, бул система апробациядан өтүлгөндөн кийин, ар тармактуу илимий изилдөө ишин жүргүзүп, шайлоочулардын ой-пикирин эске алуу аркылуу сунуш киргизүү сапаттуу болот деген ойду кармандык. Шайлоо системасы кызыктуу жана ар дайым актуалдуулугун сактап келе турган тема десек жаңылышпайбыз, ошондуктан илимий иш сөссүз улантылат.

**Отурумдун төрайымы Матвеева Т.В.,** отурумдун катышуучулары изденүүчүгө дагы суроонуздар барбы, суроо жок болсо анда бүгүнкү отурумду жыйынтыктоого уруксат бериңиздер. Изденүүчү Н.У. Абдылдаеванын диссертациялык иши жана авторефераттары орус, кыргыз тилинде кафедрага алдын ала берилип, ар бирибиз таанышып чыктык. Отурумда изденүүчү Н.У. Абдылдаеванын докладын угуп, талкуулап, диссертациялык иштин темасы актуалдуу, изилдөө өз убагында жана пайдалуу деп жыйынтык чыгарууга болот. Иштин жүрүшүндө чыгарылган тыянактар чоң теориялык жана практикалык мааниге ээ; коргоого коюлган жобо негиздүү жана анык, илимий жаңылыктын белгилерине ээ; иш жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программаларга ылайык аткарылган.

Отурумда айтылган сын пикирлер илимий иштин жалпы практикалык маанисине таасир этпейт, илимий ишти коргоого сунуштасак болот жана добуш берүүңүздөрдү суранам.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

“Макул” – отурумдун катышуучуларынын бардыгы;

“Каршы” – жок;

“Калыс” – жок.

“Кыргызстан эл аралык университети” окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын кеңейтилген отурмунун 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасына изденип алуу үчүн берилген “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы кандидаттык диссертациясына

**КОРУТУНДУ**

12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденүүгө сунушталган Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын диссертациясын угуп жана талкуулап чыгып төмөндөгүдөй тыянакка келдик:

**1.Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу.** Шайлоо, демократиялык процесстин негизи өзөгү катары жарандардын мамлекетти башкарууга катышуусунун маанилүү куралы болуп саналат. Кыргыз Республикасы демократиялык нукта өнүгүп жаткан мамлекет катары шайлоо системасы байма-бай жаңыланып, санариптешип туруусу жакшы белги, бирок ошол эле учурда мамлекет шайлоолордун чынчылдыгын, ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу менен байланышкан кыйынчылыктарга туш болууда. Акыркы жылдары шайлоо системасын модернизациялоого, анын ичинде электрондук добуш берүүнү жана башка инновацияларды киргизүүгө кызыгуу күчөп теманын актуалдуулугу жаңыланды. Шайлоо системасын баалоо жана өркүндөтүү шайлоо процесстерине калктын ишенимин жогорулатуу, демократиялык институттарды бекемдөө жана жарандардын эркин билдирүүгө болгон укуктарын камсыз кылуу үчүн олуттуу мааниге ээ деп белгилеп изденүүчүнүн илимий изилдөө иши жана берилген практикалык сунуштары актуалдуу.

**2. Диссертациянын жыйынтыктарын алууда изденүүчүнүн жеке катышы жана изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изденүүчү шайлоо системасын таза, ачык айкын жүрүүсүнө алып келип, шайлоочунун

ишенимин арттыруу үчүн биринчиден коомдогу руханий-адеп-ахлактык, маданий баалуулуктар өзгөчө мааниге ээ болуп, багыттоочу күч болушу керектиги тууралу маселе көтөргөн. Жарандардын, өзгөчө жаш шайлоочунун руханий-адеп-ахлактык абалына маани берилбесе шайлоо системасын реформалап, шайлоо процессин санариптештирүү аркылуу таза шайлоону ишке ашыруу оор деп белгилеген. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы эл аралык шайлоо стандартына жооп берет, бирок, ошол эле учурда шайлоочунун моралдык жагы төмөн, ушуга байланыштуу шайлоого катышууну "укук" деп эле таанылбастан, "милдет" катары да кабыл алынышы бүгүнкү күндүн талабы деп Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү беренелерине өзгөртүү киргизүү сунушталган. Ошондой эле илимий изилдөөдө изденүүчү шайлоочулардын "Баарына каршы" талапкерге добуш берүүсү жана шайлоого катышпай койгондугу боюнча тыкыр талдоо жүргүзүп, Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын бир нече беренелерине өзгөртүү киргизүү боюнча сунуш берген.

**3. Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары.** Диссертациялык иши тиешелүү деңгээлде аткарылган, илимий жактан негизделген натыйжаларды камтыган. Илимий, практикалык жана теориялык мааниге ээ болуп, КРП УАКтын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобонун талаптарына толук жооп берет

**4. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөдө түзүлгөн сунуштар жана жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын жакшыртуу боюнча укуктук жөнгө салган жаңы мыйзамдарды кабыл алууда жана күчүндөгү мыйзамдарды жакшыртууда, ошондой эле, мындан кийинки изилдөөлөрдө, укук колдонуу практикасында колдонууга мүмкүн.

**5. Диссертациянын мазмуну жана түзүмү боюнча адистигине дал келүүсү.** Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" темасындагы аткарылган кандидаттык диссертациясынын мазмуну жана түзүмү боюнча 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистигине толук көлөмдө туура келет.

**“Кыргызстан эл аралык университети” окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси юридикалык жактардын бирикмесинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын кеңейтилген отуруму**

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

**1.** 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө көрсөтүлгөн Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы кандидаттык диссертациялык иши жактырылсын, ачык коргоого сунушталсын.

**2.** 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө көрсөтүлгөн Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу диссертациясын талкулоо боюнча корутунду бекитилсин.

**3.** 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө көрсөтүлгөн Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” темасындагы кандидаттык диссертациялык ишине карата жетектөөчү уюмдун пикири бекитилсин.

**Отурумдун төрайымы:** **Матвеева Т.В.**

**Отурумдун катчысы:** **Темирбек кызы Тунук.**

**Кол тамга тастыкталат** Матвеева

КББ ага инсп Артыкбаева